**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ТЕПКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТЕПКЕНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Тепке айылдык кеңешинин депутаттарынын 28-чакырылышынын кезектүү 10-сессиясы**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**03.02.2023-жыл** **№ 1** **Тепке айылы**

**Тепке айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы бюджетинин аткарылышы жана 2023-жылга карата бюджетин бекитүү жөнүндө**

Тепке айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы бюджетинин аткарылышы жана 2023-жылга карата бюджетин бекитүү жөнүндөгү Тепке айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы Турсуналиева Жылдыздын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын бюджет жөнүндөгү мыйзамын жетекчиликке алып, Тепке айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Тепке айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы бюджетинин аткарылышы канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2023-жыл үчүн айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер жана чыгашалар боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы бөлүмүнөн келүүчү теңдөөчү гранттын кыскаргандыгына байланыштуу аны эске алуу менен **10254,0 миң** сом көлөмүндө № 1-тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркелет).
3. Жергиликтүү бюджеттен жана Республикалык бюджеттен мекемелердин 2023-жылга чектелген жалпы каржылануучу чыгымдардын көлөмү **6073,0 миң** сом өлчөмүндө №2-тиркемеге ылайык бекитилсин.(тиркелет)
4. Салык агенттигинен түшкөн подоходдук салык, транспорт салыгы, патенттик негизден алынуучу салык, айыл чарба жерлеринин салыгы, жердин ижара салыгы, айыл чарба багытындагы эмес жерден түшкөн салыктардан жергиликтүү бюджетке чегерүүлөрдүн өлчөмү **4181,0** миң сом №3-тиркемеге ылайык бекитилсин.(тиркелет).
5. Айыл өкмөтү дотацияда отругандыгына байланыштуу тиешелүү жогорку органдардан кошумча акча каражаты суралсын.
6. 2023-жыл ичинде Тепке айыл өкмөтүнө каралган акча каражатын толук аткарууга багытталган иш чараларды үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу жагы ФЭБнүн башчысы Турсуналиева Жылдызга милдеттендирилсин.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана финансы иштери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А. Раевке жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Сатывалдиев**